**ПРЕСС-РЕЛИЗ**

# Түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы орто билим берүү уюмдарынын окуучуларынын жана мугалимдеринин, студенттердин жана окумуштуу педагогдордун «ТҮРК ДҮЙНӨСҮ: ИНСАНДЫК РУХАНИЙ МАДАНИЯТ» темасындагы эл аралык илимий-практикалык конференциясы

**Кыргыз билим берүү академиясы**

**«Билим Ордо» коомдук-интеллектуалдык фонду**

**Профессор Айдаркан Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи**

Бишкек – 2024

# *Мекеним менден башталат!*

***«2021–2026-жылдары Кыргыз Республикасында Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясынын»,***

***«2022–2027-жылдарга Улуттук наркты сактоо жана өнүктүрүү жөнүндө улуттук программасынын»,***

***Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгын белгилөө жөнүндө» 2023-жылдын 24-октябрындагы № 270-Жарлыгынын,***

***Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар (Абдыкерим Сыдыков, Иманалы Айдарбеков, Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбеков, Ишеналы Арабаев) жөнүндө» 2024-жылдын 24-июлундагы № 205-Жарлыгынын негизинде***

**2024-жылы өткөрүлө турган ири иш-чаралардын алкагында**

**Кыргыз билим берүү академиясы «Билим Ордо» коомдук интеллектуалдык фонду жана профессор Айдаркан Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейи менен биргеликте түрк тилдүү мамлекеттердин жалпы орто билим берүү уюмдарынын окуучуларынын жана мугалимдеринин, студенттердин жана окумуштуу педагогдордун**

## «Түрк дүйнөсү: Инсандык руханий маданият»

**темасындагы эл аралык илимий-практикалык конференциясын 2024-жылдын 4-ноябрында профессор Айдаркан Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинде өткөргөндүгүн билдирет.**

**Инсандык руханий маданият — бул адамдын дүйнө таанымын, дүйнөгө жана өзүнө болгон мамилесин, ошондой эле анын ички дүйнөсүн аныктоочу баалуулуктардын, илимий негиздеги билимдердин, ынанымдардын, билгиликтирдин жана көндүмдөрдүн жыйындысы. Инсандык руханий маданият — адамды инсан кылып калыптандырат. Руханий маданияттуу инсандар гана мамлекеттүүлүктү түптөөгө, Ата Мекенди өнүктүрүүгө жана гүлдөтүүгө жөндөмдүү болушат.**

## Эл аралык илимий-практикалык конференциянын секциялары:

**1-секция.** ***Кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн аталар — Абдыкерим Сыдыков, Иманалы Айдарбеков, Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбеков, Ишеналы Арабаев ж. б.***

**2-секция.** ***Руханий баалуулуктар жана идеалдар: жакшылык, сүйүү жана адилеттүүлүк.***

**3-секция.** ***Коомдо калыптанган жана муундан муунга өткөн каада-салттар жана үрп-адаттар.***

**4-секция.** ***Ишенимдер: адамдын руханий жана диний маселелерге болгон мамилеси.***

**5-секция.** ***Эстетикалык табиттер жана артыкчылык берүүлөр: искусство жана маданият.***

**6-секция.** ***Интеллекттик деңгээл: руханий маданияттуулук, билимдүүлүк жана чыгармачылык жөндөм.***

**7-секция.** ***Кыргыз Республикасында мектептик билим берүүнүн тарыхый өнүгүүсү*** *(педагогдор үчүн)*

**Эл аралык илимий-практикалык конференциянын расмий тилдери:** кыргыз, орус, казак, түрк, англис тилдери.

**Катышышты:** Кыргыз Республикасынын, Казакстан Республикасынын жана Түркия Республикасынын мектеп окуучулары жана мугалимдери, студенттер жана окумуштуу-педагогдор.

Конференциянын материалдары «Билим Ордо» коомдук интеллектуалдык фонду тарабынан атайын жыйнакка басылып чыгат.




Эл аралык илимий-практикалык конференция өтүлгөн жер:
Профессор Айдаркан Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин 2-корпусу. Дареги: Бишкек шаары, Шопоков көчөсү, 89.

Бишкек – 2024